**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АГАРТУУ МИНИСТРЛИГИ**
**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

# «КЫРГЫЗ ТИЛИ»

# ОКУУ ПРОГРАММАСЫ

окутуу кыргыз тилинде  жүргүзүлгөн жалпы
билим берүүчү уюмдарынын
5-6-класстары үчүн

**Бишкек – 2025**

**ТҮЗҮҮЧҮЛӨР:**

**Рысбаев Сулайман Казыбаевич -** педагогика илимдеринин доктору, профессор, КББАнын Филологиялык билим берүү лабораториясынын башкы илимий кызматкери

**Мусаева Венера Инаятовна-** И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин доценти

**Абдесов Нуркалый-** КРнын эмгек сиңирген мугалими

**Кыргыз тилинин прошграммасы,** 5-6-класстар, –Б.: ......, 2025-ж. – ... б.

Бул программа Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мекемелеринде Билим берүүнүн мамлекеттик стандарынын, «Мамлекеттик тил жөнүндө» Конституциялык мыйзамынын талаптарын эске алуу менен Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги бекиткен Базистик окуу планына ылайык иштелип чыкты.

Программада кыргыз тилин эне тил катары окутуунун натыйжалуулугун, сапатын арттыруу менен окуучулардын оозеки, жазуу кеп маданиятын калыптандыруу менен ар кыл турмуштук кырдаалга ылайык кептин ар кыл стилдеринде сүйлөшүүгө, баарлашууга, маектешүүгө, үлгүлүү кеп адебине, өз алдынча чыгармачылык менен диалог, монолог, текст түзө билүүгө, окутуп-үйрөтүүчү, коммуникативдик ыкмаларын, көндүмдөрүн калыптандыруучу практикалык көндүмдөргөбагыт берүү максатыэске алынды.

**Мазмуну**

Окуу программасы

**I. Түшүндүрмө кат**
- **п**редметтин актуалдуулугу......................................................................4
- предметтин максаттары жана милдеттери…………………………………..5
- предметтик компетентүүлүктөр................................................................5
- предметтин базистик окуу планындагы орду жана мааниси…………...6

**II. Предметтин мазмуну**
- Тематикалык бөлүмдөр..............................................................................7
- Күтүлүүчү натыйжалар..............................................................................19

**III. КЫРГЫЗ ТИЛИ ПРЕДМЕТИН ОКУТУУНУН ПРИНЦИПТЕРИ, МЕТОДДОРУ ЖАНА ФОРМАЛАРЫ**

- Кыргыз тили предметтерин окутууда жетекчиликке алынуучу дидактикалык принциптер ..............................................................................22
- Кыргыз тилин окутууда жетекчиликке алынуучу методикалык принциптер ..............................................................................................23
- Кыргыз тили сабактарынын типтери жана аны уюштуруу жолдору.....................................................................................................24

**IV. Баалоо**
- Баалоонун критерийлери, нормалары.....................................................27

.

# I. ТҮШҮНДҮРМӨ КАТ

***Предметтин актуалдуулугу***

Кыргыз тили окуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептерде окуучунун эне тили катары анын турмуштук жашоо жана байланышуу, дүйнө таануу жана рухий дүйнөсүн байытуунун, аны калыптандыруунун негизги курал-каражаты болуп саналат. Бул багытта ал тилге тиешелүү болгон адамдын өмүрүндө эне тилинен артык кызмат кылар эч кандай тил да, каражат да болбойт. Ошондуктан, эне тили окуучу үчүн ар тараптуу кызмат кылуучу негизги окуу предмети болуп эсептелинет.

Ошону менен бирге, кыргыз тили предмети баланын сабаттуулугун арттыруу аркылуу башка предметтерди да окуп-үйрөнүүнүн, алардын билим алуунун, алар аркылуу турмушту таануунун да куралы болуу менен, Базистик окуу планында негизги окуу предмети болуп эсептелинет жана өзгөчө артыкчылыктуу орунду ээлейт. Ошону менен бирге, кыргыз тили предмети Окуу планында чоң идеологиялык күчкө да эгедер, анткени, ал баланын атуулдук сапатын да калыптандыруу менен, мамлекетти түзүүчү, аны аныктоочу, аны бекемдөөчү, келечектүүлүгүн аныктоочу да мааниге эгедер. Тактап айтканда**,** алар эмнеден көрүнөт?

1.Кыргыз тили Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили, ал конституциялык өзгөчөө мааниге ээ, аны эч кандай башка тил алмаштыра албайт;

2.Эне тилин окуп-үйрөнүү менен, бала өз улутун тааныйт, улуттук иденттүүлүк сапаты бекемделет жана улуттун атуулу деген сезим-туюму калыптанат;

3.баланын сабаттуулугу калыптанат жана окуп-түшүнүү көндүмдөрү бекемделет;

4.Эне тили улуттук иденттүүлүктүн негизги белгиси катары баланы улуттун жараны катары калыптандырат;

5.Тил аркылуу дүйнөлүк адабиятты, маданий үлгүлөрдү окуп –үйрөнөт ж.б.

Ошондуктан, эне тилинде окуучуну сабаттуулукка жеткирүү, жазуу, оозеки көндүмдөрүн өнүктүрүү инсан катары турмушта ийгиликтүү жашоосун камсыз кылуучу күчкө эгедер кылууга барабар.

## Кыргыз тилин катары окутуунун  максаты жана милдеттери

**Максаты:** -окуучуларды кыргыз тилинин лексикалык-грамматикалык байлыгын оозеки жана жазуу кебинде активдүү колдоно билүүгө,  кеп ишмердүүлүктөрүнүн бардык түрлөрүндөгү компетенттүүлүктөрүнө ээ болууга, кеп маданиятынын нормаларын кебинде туура сактоого, сынчыл ой жүгүртүү көндүмдөрүн өнүктүрүүгө үйрөтүү.

**Милдеттери:**

***Билим берүүчүлүк (Таанып-билүүчүлүк).***Окуучуну эне тилинин өз жашоо-турмушундагы, коомдогу, ишмердигиндеги орду менен маанисин так аныктап, билүүгө үйрөтүү. Эне тилин дүйнөнү таанып-билүүнүн каражаты жана чындыкты чагылдыруунун куралы, ошондой эле башка окуу предметтеринен билим алуунун *да куралы* катары колдонууну түшүндүрүү. Тил жана кеп, тил жана аң-сезим, тил жана ойлоо, тил жана маданият түшүнүктөрүнүн ажырагыс биримдигине ынандыруу.  Кыргыз тилинин фонетикалык системасын лексико-фразеологиялык байлыгын, грамматикалык түзүлүшүн, орфографиялык, пунктуациялык жана орфоэпиялык нормалары менен эрежелерин практикалык негизде өздөштүрүп, өз кебинде колдонууга машыктыруу.

***Өнүктүрүүчүлүк (Жүрүм-турумдук)***  Окуучуну кеп ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрүн (сүйлөө, угуу, окуу жана жазуу) жана сүйлөшүү, баарлашуунун ар кандай чөйрөлөрүндөгү кептик жүрүм-турумдук маданиятын толук билүүгө жана колдонууга үйрөтүү. Ар кандай чөйрөдө жана тематикада оозеки-жазуу түрүндө сабаттуу сүйлөө-жазуу маданиятына көнүктүрүү. Өзүнүн оозеки жана жазуу кебин өз алдынча текшере алууга, сын көз менен карап, аны дайыма өркүндөтүү жөндөмүнө ээ кылуу.

**Тарбия берүүчүлүк (Баалуулук).** Окуучуну эне тилин улуттук улуу дөөлөт, сыймык, маданият катары кабыл алып, аны тарыхый-руханий мурас деп таанып, аны менен сыймыктанууга, коргоого жана колдонууга көз карашын калыптандыруу. Эне тили аркылуу улуттук баалуулуктарды, жалпы адамзаттык рухий дөөлөттөрдү өздөштүрүүгө, барктап-баалоого жетишүү.

Эне тилге өзгөчө руханий тарыхий мурас катары кылдат мамиле кылуу көндүмдөрүнө калыптандыруу.

## Кыргыз тили предметинен ээ болуучу компетенттүүлүктөр

Кыргыз тилин 5-6-класстарда окутууда окуучулар  төмөнкүдөй компетенттүүлүктөргө ээ болуусу тийиш:

***Тилдик компетенттүүлүк***-тилдик бирдиктерди, тилдин системасындагы функциялары жана тексттеги ролу менен байланышта түшүнөт;

-лингвистикалык бирдиктерди, функциялары, маанилери жана стилдери боюнча топтоштурат;

-тилдик бирдиктердин синонимдештигин, структурасы, семантоикасы жана стили боюнча айырмалайт;

-кептин оозеки жана жазуу формаларынын өзгөчөлүктөрүн айырмалайт;

-каралган орфограммалардын көлөмүнө жана пунктуациялык эрежелерге ылайык орфографиялык жана пунктуациялык көндүмдөргө ээ болот.

***Кептик компетенттүүлүк***— бул мектеп бүтүрүүчүсү (сүйлөөчү же угуучу) коммуникативдик милдеттерди аныктоого, тилди пикир алышуунун ар кыл кырдаалдарында оозеки жана жазуу формасында пайдаланууга, өзүнүн сөздүк корун байытуу менен кептик мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө жөндөмдүүлүгү:

-карым-катнаштын (коммуникациянын) максатына ылайык кептин предметин жана темасын түшүнөт жана белгилейт;

-тексттеги биринчи жана экинчи маалыматтарды бөлүп көрсөтүп, аларды чындык менен салыштырат;

-коммуникативдик мазмунуна ылайык тексттердин функционалдык-семантикалык типтерин, кептин ар кыл жанрындагы жана стилиндеги тексттерди айырмалайт жана пайдалана алат.

-адабий тилдин (стилдердин) нормаларына, пикир алышуунун максатына (кептик кырдаалдарга) ылайык текст түзөт;

-текстти ар кыл стилдик режимдерге (бир стилдеги текстти экинчи стилге айландыруу), түрдүү эмоционалдык жагдайларга (тондорго) ылайыктап кайрадан түзөт.

***Этномаданий компетенттүүлүк***– бул мектеп бүтүрүүчүсү пикир алышууга катышуу менен социалдык кептик жана тарыхый-маданий контекстти эске алууга жөндөмдүү:

-коомдо жүрүм-турумдун нормаларына ылайык баарлашуунун катышуучусунун социялдык ролун өзүнө кабыл алат;

-элдин маданий мурасынын маанилүү бөлүгү катары тилге жекече мамилесин билдирет;

-кеп маданиятынын нормаларына ээ болот.

## Кыргыз тилин предметинин базистик окуу планындагы орду жана мааниси

Кыргыз тили предмети Базистик окуу планында негизги окуу предметтеринин бири болуп саналат. Анткени бул класстарда окуучулардын башталгыч класстан ээ болгон теориялык билимдери, коммуникативдик жана функционалдык сабаттуулугу андан ары калыптанууга багытталат. Ал

аркылуу бардык окуу иштери менен окуучулар ээ болуучу: окуу, ой жүгүртүү, акыл, сүйлөө, окурмандык ж.б. ишмердиктерди өнүктүрүү калыптанат. Андыктан, бул ишмердиктер окуучунун жаш курагынан тартып базалык көндүмдөр катары эсептелүү менен, андан ары улуттук нарктуулук маданиятын билип чоңоюуну, камсыздап, окуучунун жан дүйнөсүн тил аркылуу байытууну көздөйт. Анткени окуучунун сабатын бекемдеп, кебин өстүрүп, кеп маданиятына үйрөтүүнү максат кылат.

Мына ушундан улам, окуу планынын мамлекеттик компонентине ылайык, 5-6-класстарда кыргыз тили предметине төмөндөгүдөй окуу жүктөмү аныкталган:

| **Класстары** | **Жума бою** | **Жыл бою** |
|---|---|---|
| 5-класс | 3саттан | 102 саат |
| 6-класс | 3 саттан | 102 саат |

## II. ПРЕДМЕТТИН МАЗМУНУ

***Тематикалык бөлүмдөр***

Предметтин мазмуну дидактикалык принципке негизделип, окутуп-үйрөтүүнүн билгичтик, машыккандык ырааттуулугун сактоо менен кыргыз тилин окутуунун системалык курсу катарында төмөндөгүдөй мазмунда берилди.

1. **Байланыштуу кеп.** Бул багыт бири-бирине байланыштуу болгон текст, тексттин стилдери жана тексттин түрлөрү деген негизги үч бөлүктөн турат. Алардын ар бирине тиешелүү теориялык материалдар, аларга карата практикалык жактан аткарылуучу талаптар жана ал талаптардын аткарылышына тиешелүү болгон конкреттүү материалдар берилди.

2. Ар бир класска **тиешелүү фонетика, лексика жана грамматика** боюнча системалуу курстун материалдары орун алды. Бул бөлүмдө системалуу курста окутуп-үйрөтүүчү тармактык бөлүмдөр, ал бөлүмдөргө тиешелүү темалар, анда конкреттүү алынган класска ылайыктуу деп тандалган теориялык материалдар камтылды.

3. **Кеп маданияты**. Бул бөлүм өзүнүн мүнөзү боюнча байланыштуу кеп менен жакындыгы болгондуктан, ага түздөн-түз тиешеси бар деп эсептелген бөлүмдөргө жана темаларга берилди. Анда ошол бөлүмдүн же теманын грамматикалык, лексико-семантикалык жана стилистикалык табиятына ылайык келген кеп маданиятына тиешелүү талаптар коюлду жана сааттар бөлүндү.

4.Ал эми **предметтер аралык байланышта** ал тиешелүү болуп турган материалдан башка предметтердин тилдик каражаттары менен грамматикалык жана лексикалык белгилери, колдонуш сферасы ж.б.

талаптарына карата болгон байланыш-катыш мүнөзүн аныктоо талабы берилди.

**5.Жыл аягында кайталоо үчүн материалдар** көрсөтүлдү жана окуучулардын жыл ичинде өтүгөн материалдар боюнча кандай билимге, машыккандыкка ээ болуулары керектиги жөнүндө талаптар коюлду.

**6.**Мындан сырткары **ар бир бөлүмдөн жана чоң темалардан кийин** окуучулардын алган билимин бышыктоо жана текшерүү үчүн талдоо, үйрөтүүчү жана текшерүүчү жазуу жумуштарын аткаруу талаптары көрсөтүлдү.

Программанын түзүлүшүндө өзгөчө эске алуучу нерсе: жогоруда айтып өткөн грамматикалык-фонетикалык матералдарынын байланыштуу кеп жана кеп маданияты менен байланышын ишке ашыруу болуп саналат. Ошонлуктан, программада бул маселе төмөндөгүдөй түзүлүштө жүзөгө ашты:

-биринчиден, грамматикалык материалдар менен кептин материалдарын байланыштырып окутууну жүзөгө ашыруу үчүн **5-6-класстарда «грамматикадан-кепке» аттуу** технология киргизилди. Мунун өзү 5-6-класста окуу материалдары **теориядан – практикага** багытталган окутуу менен окуучунун кептик ишмердигин өнүктүрүүгө көңүл бөлүнмөкчү.

Мунун өзү–грамматиканы өздөштүрүү сабагы–байланыштуу кепти өстүрүү жана кеп маданиятына үйрөтүү сабагы болуусу керек, -деген методикалык жобону алдыга коёт. Ошондуктан, программанын талаптарын турмушка ашырууда **грамматиканын ар бир сабагы байланыштуу кеп жана кеп маданиятына үйрөтүү сабак болушу керек-деген принципте болуу менен,** ал экөөнүн материалдары логикалык түрдө байланышта берилүүсү тийиш экенин көңүлгө салат.

## КЫРГЫЗ ТИЛИ
## 5-КЛАСС
### Окуу материалдарынын класстарга бөлүштүрүлүшү
**(жумасына 3 сааттан, жыл боюнча 102 саат)**

## ТИЛ – ПИКИР АЛЫШУУНУН КУРАЛЫ, ТИЛ ЖАНА КЕП СИНТАКСИС, ПУНКТУАЦИЯ ЖАНА КЕП МАДАНИЯТЫ
**(Тааныштыруу иретинде өтүлөт)**

**1-чейрек - 27 саат.**

***Сөз айкашы жөнүндө түшүнүк.*** **Сөз айкашынын тутумундагы багындыруучу (негизги сөз) жана багынуучу түгөйлөр, алардын өз ара байланышуу жолдору: маанилик (ыкташуу) жана грамматикалык (башкаруу, таандык) түрлөрү. (3 саат).**

Текст, анын мүнөздүү белгилери (тексттин тематикалык, маанилик, стилдик, грамматикалык бүтүндүктө болушу). **(4 саат)**

***Сүйлөм.*** **Сүйлөмдүн негизги белгилери. Айтылыш максаттарына жана маанилерине ылайык сүйлөмдүн жай, суроолуу жана илептүү болуп бөлүнүштөрү. Бул сүйлөмдөрдүн аягына коюлуучу тыныш белгилер. (3 саат)**

Тексттин эң кичине бирдиги - сүйлөм, Тексттен анын эң кичине бирдиги сүйлөм экендигин жана текст сүйлөмдөн кураларын түшүндүрүү. Тексттин темасы жана негизги ою. Текстке ат коюу (темага же негизги ойго байланыштуу).Тексттен жалаң жана жайыл сүйлөмдөрдү таап талдоо.(3 саат)

***Сүйлөм мүчөлөрү.*** **Сүйлөмдү уюштуруудагы ролуна карата алардын баш мүчөлөрү (ээ,баяндооч) жана айкындооч мүчөлөр (аныктооч, толуктооч, бышыктооч) болуп бөлүнүшү. (3 саат)**

Тексттин маанилик, тематикалык жана стилдик бүтүндүгүн талдоо. Тексттен сүйлөм мүчөлөрүн таап талдоо. *Үйрөтүүчү жана текшерүүчү жазуу иштери.* **(3 саат)**

**Татаал сүйлөм, анын грамматикалык түзүлүшү. Татаал сүйлөмдүн тыныш белгилери. (2 саат)**

Текст түзүүдө татаал сүйлөмдөрдү колдонуу. Текстеги жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөрдүн чегин аныктоо. (**2 саат)**

**Диалог жана анын тыныш белгилери. Аларды тексттен таап талдоо.**

Адабий чыгармаларда төл сөз менен автордук баяндоону бири-биринен ажырата билүү. (**2 саат)**

Жазуу иштери жана талдоо (2 саат)

*Кеп маданияты. Сүйлөмдөрдүн бир өңчөй мүчөлөрүнүн, татаал сүйлөмдөрдүн синтаксистик түгөйлөрүнүн интонациясын туура сактоо. Көркөм текст түзүүдө жай, суроолуу, буйрук, илептүү сүйлөмдөрдү, сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрүн, тике, бөтөн сөздөрдү айтыла турган ойдун кырдаалына карай адабий тилдин стилдик нормасына карай колдоно билүү*

*Текст боюнча машыгуу иштери:*

*- тексти түзүп турган сүйлөмдөр ич ара тема жана негизги ой болуп эки бөлүктөн турарын түшүнүүгө жана аларды бири-биринен ажырата билүүгө үйрөтүү;*

*- берилген тексттин темасын таап, негизги оюн ажыратуу;*

*- текстке ат коюу (темага жана негизги ойго байланыштуу);*

*- даяр тексттин жөнөкөй планын түзүп, пландын негизинде оозеки баяндап берүүгө жана баяндама жазууга үйрөтүү;*

*Предмет аралык байланыш. Цитата келтирүүдө, диалогдук тексттерде тыныш белгилерди туура коё билүү.*

**2-чейрек- 21 саат.**

## ФОНЕТИКА, ГРАФИКА, ОРФОЭПИЯ, ОРФОГРАФИЯ ЖАНА КЕП МАДАНИЯТЫ

Фонетика жана графика жөнүндө түшүнүк. Тыбыш жасоочу органдар жана тыбыштардын жасалышы. (2 саат)

*Үндүү тыбыштар* жана алардын бөлүнүшү: тилге карата жоон жана ичке, эринге карай эриндүү жана эринсиз, жаакка карай кең жана кууш, үндүн созулуу деңгээлине карай кыска жана созулма үндүүлөр болуп бөлүнүшү, алардын жасалышы. Тексттен таап талдоо (4 саат)

*Үнсүз тыбыштар*, алардын жумшак, каткалаң, уяң болуп бөлүнүшү, түгөйлүү, түгөйсүз болуп келиши, алардын айтылышы жана жазылышы. Тексттен таап талдоо (3 саат).

Орфоэпия жана орфография жөнүндө түшүнүк. Кыргыз орфоэпиясынын негизги эрежелери: уңгу сөздөрдүн жеке тургандыгы туура айтылышы жана жазылышы, уңгуга мүчө жалганган учурдагы туура айтылышы жана жазылышы (нанга – наңга, аччы – ашчы). Тексттен таап талдоо. (3 саат)

Бир сөз ичинде *к, п,* тыбыштарынын *г, б,* тыбыштарына өзгөрүп айтылышы жана жазылышы. Тексттен таап талдоо. (2 саат)

*Кеп маданияты: с-з, к-г, д-т, б-п, ч-ш сыяктуу түгөйлүү үнсүздөрдү сөз ичинде айтылышын жана жазылышын туура, так сактай билүү, ажыратуу (ъ), ичкертүү (ь) белгилери жана созулма үндүүлөр катышкан сөздөрдү туура айтууга жана туура жазууга көнүгүү; сөз аягына келген жумшак үнсүздөрдүн (б, в, г, д, ж) аталышында орфоэпиялык, орфографиялык нормаларды туура сактоо (1саат).*

*Үйрөтүүчү жана текшерүүчү жазуу жумуштары.*

*Фонетикалык талдоо жүргүзүү.*

*Предмет аралык байланыш. Адабият сабагындагы тексттерди көрктүү окуу менен орфографиялык нормаларды туура сактап, сабаттуу жазууга, адабий тилдин нормасында сүйлөөгө үйрөнүү.*

## ЛЕКСИКА ЖАНА КЕП МАДАНИЯТЫ

*Лексика жөнүндө түшүнүк.*

Сөздүн лексикалык жана грамматикалык маанилери. Тексттен таап талдоо. Бир маанилүү, көп маанилүү сөздөр. Сөздүн тике жана өтмө

маанилери. Сөздүн эмоционалдык мааниси. Синонимдер, омонимдер, антонимдер. Тексттен таап талдоо. (4 саат)

Жазуу жумуштары жана талдоо (3 саат)

Кеп маданияты. Өтмө маанидеги сөздөрдүн орундуу колдонуудагы *стилдик зарылдыкты өздөштүрө билүү. Сүйлөм ичинде же катар келген сүйлөмдөрдө бир эле сөздү же сөз тизмектерин орунсуз кайталоого жол бербөө үчүн аларды маанилик жактан алмаштырууга ылайык келген башка синонимдик сөздөрдү колдоно билүүгө үйрөнүү. Текстти стилдик жактан туура түзүүдө синонимдик каталарды өздөштүрүү жана аларды колдоно билүү. Түшүндүрмө жана синоним сөздөрүнөн пайдалануу.*

**3-чейрек- 30 саат**

**СӨЗ ЖАСОО, СӨЗДҮН КУРАМЫ ЖАНА КЕП МАДАНИЯТЫ**

*Сөздүн курамы* – уңгу жана мүчө, алардын мүнөздүү белгилери. Мүчөнүн маанисине карай бөлүнүшү: сөз жасоочу жана сөз өзгөртүүчү мүчөлөр, алардын өзгөчөлүктөрү (сөз жасоочу мүчөдөн жаңы сөз жасалаары, сөз өзгөртүүчү мүчөдөн сөздүн ар түрдүү формаларынын пайда болору, жаңы сөз жасалбастыгы). (4 саат)

Туунду жана уңгулаш сөздөр, алардын өз ара айырмачылыктары. Тубаса сөз жөнүндө түшүнүк. (2 саат)

Тексттен туунду жана тубаса сөздөрдү табуу, уңгу мүчөгө ажыратуу, мүчөлөрдүн түрлөрү боюнча талдоо иштери. (2 саат)

*Кеп маданияты. Сөз жасоо же сөз өзгөртүү учурларында бир сөз ичинде же жанаша келген сүйлөмдөрдө уңгулаш сөздөрдүн орундуу жана орунсуз колдонулушун ажырата билүү. Орунсуз колдонулган учурларда аны түзөтүүгө, синоним же башка сөздөр менен алмаштыра билүүгө үйрөтүү (1 саат).*

*Сөздүн курамдык бөлүктөрү боюнча талдоо.*

*Предмет аралык байланыш. География, биология, адабият окуу китептеринен туунду сөздөргө жана бир сөздүн ар түрдүү формаларына мисалдар келтирүү.*

**МОРФОЛОГИЯ, ОРФОГРАФИЯ ЖАНА КЕП МАДАНИЯТЫ**

Сөз түркүмдөрү (морфология) жөнүндө түшүнүк. Сөздөрдү сөз түркүмдөрүнө карата ажыратуунун принциптери (лексикалык,

морфологиялык, синтаксистик). Маани берүүчү кызматчы жана өзгөчө сөз түркүмдөрү. **(2 саат)**

**Зат атооч жана кеп маданияты**

Зат атоочтун сөз түркүмү катары мүнөздөмөсү: лексикалык маанилери, морфологиялык белгилери, синтаксистик кызматы. (2 саат)

Тесттен зат атооч сөздөрүн таап талдоо. Кептин түрлөрү: баяндоо, сүрөттөө, ой жүгүртүү. (жалпы маалымат) Текстте зат атооч сөздөрүнүн катышы, анын стилдик максатта түрдүү формада өзгөрүшү. (2 саат)

Зат атоочтун грамматикалык түзүлүшүнө карай бөлүнүшү: жөнөкөй жана татаал зат атоочтор. Жөнөкөй зат атоочтордун жасалышына карай бөлүнүшү: тубаса жана туунду зат атоочтор. Туунду зат атоочту жасоочу мүчөлөр. Туунду зат атоочтун морфологиялык жол менен жасалышы. Тексттен таап талдоо. (3 саат)

Ээнчилүү жана жалпы зат атооч. Ээнчилүү аттардын (адамдын, айбанаттарды, мекеме, жер-суулар, тарыхый окуя, көркөм чыгарма, басылмалардын аттарынан) жазылышы. Тексттен таап талдоо. (2 саат)

*Кеп маданияты. Чыгармалардын (макала, очерк, көркөм чыгармалардын) аталышынын мазмунга ылайык тандалышы. Татаал зат атоочтордун ичинен кош сөз түрүндөгүсүнүн ар түрдүү маанилерин туура түшүнүү жана аларды сүйлөмдө айтылып жаткан ойдун жагдайына карай ыктуу колдоно билүү. Айрым бир лексикалык топтогу зат атоочторго (жаратылыштык кубулуштардын, жыл мезгилдердин, абстрактык маанидеги заттын атын билдирген) көптүк санды уюштуруучу –лар мүчөсү жалганган көптүк учурда адабий нормага ылайык келбей турганын (акылдар, асмандар, шамалдар ж.б.) түшүнө билүү; -лар мүчөсү жалганган бир өңчөй мүчөлөрдүн бардык түгөйлөрүндө толук сакталышы же эң акыркысынан башкасында түшүрүлүп белгиленишиндеги стилдик өзгөчөлүктөрдү байкоо жана ылайыгына жараша колдоно билүү. Таандык мүчөлүү сөз менен илик жөндөмөсүндө турган сөздүн айкалышында таандык мүчөнүн түшүрүлүп же толук берилишиндеги адабий норманы байкоо жана аны туура колдоно билүү*

*Предмет аралык байланыш. География, тарых, адабият окуу китептеринен ээнчилүү аттарды таап, алардын жазылышына байкоо жүргүзүү.*

## СЫН АТООЧ ЖАНА КЕП МАДАНИЯТЫ

Сын атоочтун сөз түркүмү катары мүнөздөмөсү: лексикалык маанилери, морфологиялык белгилери, синтаксистик кызматы. (2 саат)

Сүрөттөө. Сүрөттөө түрүндөгү текстти талдоо жана үлгүгө жараша текст түзүү. Жануу жана жансыз заттарды сүрөттөө. Сын атооч сөздөрүнүн сүрөттөөдө катышышы. (3 саат)

Сын атоочтун грамматикалык түзүлүшүнө карай бөлүнүшү: жөнөкөй жана татаал сын атоочтор. Жөнөкөй сын атоочтордун жасалышына карай бөлүнүшү: тубаса жана туунду сын атооч. Туунду сын атоочтун морфологиялык жол менен жасалышы. Тубаса сын атоочтун маанилик түрлөрү. Татаал сын атоочтун синтаксистик жол менен жасалышы. (2 саат)

Көркөм-адабий чыгармалардан жандуу жана жансыз заттарды сүрөттөөлөргө байкоо жүргүзүү. Үлгүгө жараша иштеп машыгуу. (2 саат)

*Текшерүүчү жазуу жумуштары.(2 саат)*

*Кеп маданияты. Адамдардын турпатын, айлана-чөйрөнү, жаратылыштык көрүнүштөрдү сүрөттөөдө сын атоочтордун колдонулуш зарылдыгы. Тубаса жана туунду сын атоочтордун колдонулушундагы маанилик өзгөчөлүктөрдү айырмалай билүү*

*Предмет аралык байланыш. Көркөм адабияттын тексттеринен сын атоочтун эпитет катары колдонулушунан мисалдарды келтирүү. География, тарых, ботаника окуу китептеринде тубаса сын атоочтун маанилик кайсы түрүнүн мүнөздүү колдонулушун аныктоо.*

**4-чейрек – 24 саат**

## ЭТИШ ЖАНА КЕП МАДАНИЯТЫ

*Этиштин* сөз түркүмү катары мүнөздөмөсү: лексикалык маанилери, морфологиялык белгилери, синтаксистик кызматы. Этиштин заттын ал-абалын жаан кыймыл-аракетин билдириши. Тексттен таап талдоо. (2 саат)

Этиштин грамматикалык түзүлүшүнө карай бөлүнүшү: жөнөкөй жана татаал этиш. Жөнөкөй этиштин жасалышына карай бөлүнүшү: тубаса жана туунду. (2 саат)

Баяндоо, анын мүнөздүү белгилери. Баяндоодо этиш сөздөрүнүн катышышы, жаан анын ролу. Баяндоо тексттин талдап жана түзүп машыгуу. (3 саат).

*Этиштин чактары* (башталгыч класстагы өтүлгөндөрдү эске алуу). Учур чак, анын түзүлүшүнө карай бөлүнүшү: жөнөкөй учур чак, анын жасалышы; татаал учур чак, анын жасалышы. Этиштин учур чагынын жакталышы. (2саат)

Расмий эмес иштиктүү стиль, анын мүнөздүү белгилери, түрлөрү тууралуу жалпы маалымат (расмий эмес иш кагаздар, түрлөрү:

кулактандыруу, арыз, чакыруу белети, тактама) Иш кагаздарын түзүүдөгү этиш сөздөрүнүн ролу, анын жазылышы. (3 саат)

*Келер чак,* анын маанилик түрлөрү. Айкын келер чак, анын жасалышы жана жакталышы. (2 саат)

*Арсар келер чак*, анын жасалышы жана жакталышы. Иш кагаздарын түзүп талдоо.( 2 саат)

*Өткөн чак*, анын маанилик түрлөрү: *айкын өткөн чак*, анын жасалышы жана жакталышы; *капыскы өткөн чак*, анын жасалышы жана жакталышы; *жалпы өткөн чак,* анын жасалышы жана жакталышы; *адат өткөн чак*, анын жасалышы жана жакталышы. (3 саат)

Өткөн чактын татаал формаларынын *экен, эле, эмес* деген жардамчы этиштердин айкаша келиши аркылуу жасалышы, алардын жакталышы. Иш кагаздарын талдап, түзүп машыгуу (2 саат)

Текшерүүчү жазуу жумуштары жана кайталоо.(3 саат).

*Кеп маданияты*. II жактагы этиштин сөз маанисинде жана жалпыланган мааниде колдонулушундагы өзгөчөлүктөрдү ажырата билүү; татаал учур чак менен жатыш жөндөмөсүндөгү кыймыл атоочтун (иштеп жатат, иштөөдө) өз ара синонимдештигин байкоо жана аларды биринин ордуна экинчиси колдонулган учурларын ажырата билүү .

*Предмет аралык байланыш.* Геометрия, тарых, адабият окуу китептеринен чакан тексттерди алып, алардагы этиштердин чагын жана жагын аныктоо. Макал-лакаптардан, жомоктордон этиштерди таап, алардын чактарына байкоо жүргүзүү.

# 6-КЛАСС

**(жумасына 3 сааттан, жыл бою 102 саат)**

**1-чейрек-27 саат**

## Кыргыз тили – Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тили ЛЕКСИКА, ФРАЗЕОЛОГИЯ, ЛЕКСИКОГРАФИЯ ЖАНА КЕП МАДАНИЯТЫ

Кыргыз тилинин сөздүк кору, анын ар түрдүү катмарлары. Текст талдоо, тексттин мүнөздүү белгилери.Текстти талдоо менен кыргыз тилинин лексикалык корун, катмарлларын талдоо ( 3 саат)

Диалектилик, кесиптик сөздөр. Терминдер. Эскирген сөздөр, алардын түрлөрү: историзмдер, архаизмдер, неологизмдер. Текст изилдөө, тексттен кыргыз тилинин сөздүк курамын талдоо  (3 саат)

Фразеологизмдер жөнүндө түшүнүк.

Тексттин маанилик бүтүндүгү. Тексттин темасы, тема жана подтема. Тексттен фразеоогизмдерди таап талдоо. Фразеологизмдердин жеке сөзгө же сөз айкашына карата маанилик эквиваленттүүлүгү, синтаксистик кызматы. (3 саат)

Фразеологиялык сөздүктү пайдалануу аркылуу фразеологизмдердин маанисин түшүнүү жана алардын жеке сөздөргө карата маанилик эквиваленттүүлүгүн өздөштүрүү менен текст түзүүдө колдоно билүү (4 саат)

*Кеп маданияты. Диалектилик, кесиптик, архаизм жана неологизм сөздөрдүн лексикалык табиятын туура түшүнүү, аларды бири-биринен ажырата билүү; алардын көркөм жана башка стилдеги тексттерде колдонулуш өзгөчөлүктөрү, максаттарын байкоо; терминдер менен жөнөкөй сөздөрдүн айырмачылыгын түшүнүү.*

*Предмет аралык байланыш. Көркөм чыгармалардан лексиканын аталган түрлөрүн, фразеологизмдерди табуу. Тарых, география, адабият окуу китептериндеги тесттерден терминдерди табуу, алардын кадыресе сөз менен болгон маанилик карым-катышын жана айырмачылыктарын ажырата билүү.*

## СӨЗ ЖАСОО, ОРФОГРАФИЯ ЖАНА КЕП МАДАНИЯТЫ

Сөз жасоонун жолдору. Морфологиялык жол, анда сөз жасоочу мүчөлөрдүн пайдаланышы. (2 саат)

Текст талдоо, андагы сөз жасоонун жолдорун табуу. Тексттеги абзац анын тексттеги ролун талдоо. (3 саат)

Уңгулаш сөздөр. Уңгулаш зат атоочтор, уңгулаш этиштер, уңгулаш сан атооч жана сын атоочтор. Сөз жасоочу мүчөлөр аркылуу уңгулаш жана ар башка сөздөрдүн жасала тургандыгы. (3 саат)

Сөз жасоочу мүчөлөрүн түрлөрү: атоочтон атооч жасоочу мүчөлөр; этиштен этиш жасоочу мүчөлөр; атоочтон этиш жасоочу мүчөлөр (жалпы тааныштыруу иретинде).

Тескт талдоо, тексттен уңгулаш сөздөрдү табуу, түшүндүрүү. (3 саат)

Жазуу иштери жана талдоо- (3 саат )

## 2-чейрек-21 саат

Синтаксистик жол менен жасалган татаал сөздөр, алардын мүнөздүү белгилери. Татаал сөздүн түрлөрү: кош сөздөр, кошмок сөздөр, кыскартылган сөздөр, алардын жазылышы. (2 саат)

Кептин оозеки жана жазма стили. Оозеки сүйлөшүү стилинин мүнөздүү белгилери (алгачкы маалымат). Татаал сөздөрдүн жазылышы жана айтылышындагы өзгөчөлүктөр. ( 2 саат)

Лексикалык-семантикалык жол аркылуу жасалган сөздөр, бир эле сөздүн маанилик жактан өнүгүшүнүн натыйжасында ар түрдүү маанилерде колдонулушу (борбор ордо оюнунун ортосу; борбор- административдик пункт жайгашкан шаар, кыштак). (2 саат)

Текст талдоо, тексттен сөздүн лексикалык-семантикалык жол аркылуу жасалышын жана сөз жасоонун жолдору боюнча талдоо. (1 саат)

Кыргыз орфографиясынын негизги эрежелери: сөздөрдү жана сөз мүчөлөрүн жазуунун эрежелери; сөздү бирге, бөлөк жана дефис аркылуу жазуунун эрежелери; баш тамгаларды жазуунун эрежелери; сөздөрдү ташымалдап жазуунун эрежелери. (2 саат)

*Кеп маданияты, сөздөрдүн синтаксистик жол менен жасалышында татаал сөздүн кайсы түрү пайдаланылганын ажырата билүү; алардын тексте колдонулушундагы өзгөчөлүктөрдү байкоо.*

*Сөздүн семантикалык жол аркылуу жасалышында сөздө көп маанилүүлүк жана өтмө маанилердин пайда болушу. Сөздүн орфографиялык эрежелердин негизинде туура жазууга үйрөнүү.*

*Предмет аралык байланыш. Тарых, география, адабият окуу китептеринен, көркөм чыгармалардан чакан тексттерди алып, андагы туунду сөздөрдүн жасалуу ыкмаларына, жолдоруна мүнөздөмө бере билүү, ал тексттердеги сөздөрдүн жазылышындагы орфографиялык нормаларды байкоо, эгер туура эмес болсо, түзөтө билүү.*

## МОРФОЛОГИЯ, ОРФОГРАФИЯ ЖАНА КЕП МАДАНИЯТЫ

Зат атоочтун жөндөмөлөр менен өзгөрүшү (башталгыч класстарда өтүлгөн материалдарды эске түшүрүү). Жөндөмөлөрдүн маанилери жана суроолору. (2 саат)

Тексттен жөндөмө мүчөлөр уланган сөздөрдү таап, түшүндүрүү. (2 саат)

Зат атоочтун жөндөлүш типтери:

1. Таандык мүчөсүз зат атоочтун жөндөлүшү жана андагы мүчөлөрдүн тыбыштык өзгөрүүлөрү. *Тексттен таап талдоо.(2 саат)*
2. Таандык мүчө уланып турган ат атоочтун жөндөлүшү. I жактын жекелик, көптүк сандагы таандык мүчөлөрү уланып турган сөздүн жөндөлүшү. *Тексттен таап талдоо.(2 саат)*

3. II жактын жекелик, көптүк сандагы таандык мүчөлөрү (жайынча, сылык) уланып турган сөздүн жөндөлүшү.

III жактын таандык мүчөсү жана жалпы таандык *–ныкы* мүчөсү жалганып турган сөздөрдүн жөндөлүшү. *Тексттен таап талдоо.*

4.Аягы *ск,фт,кт,нк,мн,нд,нг* менен бүткөн сөздөрдүн жөндөлүшү. (2 *саат)*

*Текшерүүчү жазуу жумуштары -2 саат*

## 3-чейрек – 30 саат
## СЫН АТООЧ ЖАНА КЕП МАДАНИЯТЫ

Сын атоочтун даражалары: жай даража, салыштырма даража, басаңдатма даража, күчөтмө даража. (3 саат)

**Кептин стилдери боюнча машыгуу иштери:**

- берилген көркөм тексттен көркөм стилин мүнөздүү белгилерин табуу;
- берилген көркөм стилдеги текстти тил каражаттарына карай аныктоо;
- берилген көркөм стилдеги тексттин колдонулуш чөйрөсүн, тил каражатын аныктоо;

Көркөм стиль, анын мүнөздүү белгилери: колдонулуш чөйрөлөрү, колдонулуш тил каражаттары (лексикалык, морфологиялык, синтаксистик *(3саат):*

Сын атоочтун түрлөрү: сапаттык жана катыштык сын атооч. Сын атоочтун заттык мааниде колдонулушу жана анын синтаксистик кызматы. Сын атоочтун жазылышы. (2 саат)

Жандуу, жансыз заттарды атоо, аттарын туура жазуу, аларды сүрөттөө (кайталап бышыктоо же тереңдетип кайталоо) Тексттен таап анализдөө (2 саат)

*Кеп маданияты. Сын атоочтун даражаларыны маанилерин бири-биринен так ажыратуу жана алардын көркөм сүрөттөөлөрдө (өз алдынча чакан текст түзүүдө, чакан аңгеме, сүрөттөмө жазууда) ыктуу колдоно билүү; салыштырма даражаны уюштуруучу чыгыш жөндөмөсүнүн –ыраак мүчөсүнүн маанилик жактан окшош, айырмалуу жактарын ажырата билүү жана текст түзүүдө же оозеки пикир алышууда аларды иргеп колдоно билүүгө үйрөнүү.*

*Айлана-чөйрөнү сүрөттөө (турак-жайды, жаратылыш кубулуштарын ж.б.)*

- *жан-жаныбарларды сүрөттөө (мисалы: «Коён», «Эгиз улактар», «Музоо», «Төө»ж.б.)*
- *турак-жайды, жаратылыш кубулуштарын сүрөттөө (мисалы: «Менин бөлмөм», «Биздин класс», «Көл жээги», «Тоо этеги», «Айылга жаз келди» ж.б.);*

*Предмет аралык байланыш. Тарых, география, ботаника окуу китептеринде сын атоочтун кайсы даражалары мүнөздүү колдонууларын аныктоо.*

## САН АТООЧ ЖАНА КЕП МАДАНИЯТЫ

Сан атоочтун грамматикалык түзүлүшүнө карай бөлүнүшү: жөнөкөй жана татаал сан атооч. (2 саат)

Жөнөкөй сан атоочтун жасалышына карай бөлүнүшү: тубаса жана туунду. Туунду сан атоочтун морфологиялык жол менен жасалышы. Татаал сан атооч синтаксистик жол менен жасалышы. (2 саат)

Сан атоочтун маанилерине карай бөлүнүшү: эсептик сан атооч, анын түрлөрү (жөнөкөй, татаал). Иреттик сан атооч, анын жасалышы. Жамдама сан атооч, анын жасалышы. Чамалама сан атооч, анын жасалышы. Бөлчөк сан атооч, анын жасалышы. Эсептик жана жамдама сан атоочтордун жөндөлүшү. Сан атоочтун жазылышы. (4 саат)

*Тексттен таап талдоо.*

*Кеп маданияты.* Сан атоочтун тике жана өтмө маанилерде колдонулушундагы өзгөчөлүктөр. Анын өтмө мааниде жана затташкан түрдө колдонулушундагы өзгөчөлүктөр. Анын өтмө мааниде жана затташкан түрдө колдонулушундагы стилдик зарылчылыкты түшүнүү

*Предмет аралык байланыш.* Математика, физика, география, окуу китептери менен көркөм адабиятта сан-өлчөмдүк маанилердин туюндурулуш өзгөчөлүктөрү эмнеге негизделгенин аныктоо.

## АТ АТООЧ ЖАНА КЕП МАДАНИЯТЫ

Ат атоочтун сөз түркүмү катары мүнөздөмөсү: лексикалык маанилери, синтаксистик кызматы.

*Тексттен таап талдоо.* (2 саат)

Ат атоочтун маанисине карай бөлүнүшү: жактама ат атооч, сурама ат атооч, шилтеме  ат атооч, тангыч ат атооч, аныктама ат атооч, белгисиз ат атооч. Ат атоочтун жөндөлүшү, андагы өзгөчөлүктөр. Ат атоочтун жазылышы. (3 саат)

Ат атооч катышкан текст түзүү жана талдоо иштери. Текстке ат коюу, темасын анытоо, анын планын түзүү. (3 саат)

*Жазуу жумуштары жана жалпылоо – (3 саат).*

*Кеп маданияты. Бир сүйлөм ичинде же катар келген сүйлөмдөрдө бир эле сөздөрдү же сөз айкашын кайталоо стилдик нормага туура келбейт.*

*Ошондуктан ошол сөз же сөз айкашын III жактагы ат атооч (ал) менен маанилик байланышын бузбастан туура алмаштырып колдоно билүү*

*Предмет аралык байланыш. Көркөм чыгармаларда, окуу китептеринде ат атоочтордун кандай сөздөрү алмаштыруу үчүн колдонулгандыгына байкоо жүргүзүү.*

**4-чейрек - 24 саат**

**ЭТИШ ЖАНА КЕП МАДАНИЯТЫ**

Этиштин ыӊгайлары. Этиштин ыӊгайлары жөнүндө жалпы маалымат. Баяндагыч ыӊгай, анын үч чактын нормасында турушу. (3 саат)

Кептин баяндоо түрү боюнча машыгуу иштери жүргүзүү:

- баяндоо түрүндөгү текстти, анын мүнөздүү белгилери боюнча талдоо (кайталоо);

- баяндоо тибиндеги текстти жандуу жана жансыз заттарды сүрөттөө менен салыштыруу аркылуу айырмачылыктарын ажыратуу (кайталоо);

- берилген баяндоо түрүндөгү текстти сүрөттөө түрүндөгү текстке айландыруу;(6 саат)

Буйрук ыӊгай, анын жасалышы: уӊгу этиштерден турган буйрук ыӊгай; мүчөлөр аркылуу жасалган буйрук ыӊгай *(-гын, -ыӊыз, -гыла, -сын мүчөлөрү аркылуу)*. Шарттуу ыӊгай. Каалоо-тилек ыӊгай. Максат-ниет ыӊгай. Анын жакталышы. (.3саат)

Ой жүгүртүү боюнча жалпы маалымат. Ой жүгүртүү тексттин талдоо, мүнөздүү белгилерин табуу (.3 саат)

Кош мамиле, өздүк мамиле, туюк мамиле, аркылуу мамиле. Тескстten таап талдоо (3 саат)

*Кеп маданияты.* Буйрук ыӊгайдын расмий-иштиктүү стилде колдонулушунун мүнөздүүлүгү. Буйрук ыӊгайдын II жак, жекелик санда түрдүү жолдор аркылуу туюндурулушунун *(бар-баргын – баргыныӊ-барчы)* өздөштүрүү жана алардын сүйлөмдө айтылып жаткан ойдун жалпы мазмунун интонацияга карап, бардык учурда эле буйрук мааниде эмес, башка ар түрдүү модалдык маанилерди туюндурарын билүү жана колдоно алуу.

Кептин түрлөрү жана стилдери боюнча комплекстүү талдо иштери. Текст талдоо жана түзүүгө машыгуу иштери..( 3 саат)

*Текшерүүчү жазуу жумуштары жана жалпылоо. (3 саат)*

**Күтүлүүчү натыйжалар**

5-6-класстарды аяктоодо окуучулар билүүгө тийиш болгон талаптар

***Кептик компетенттүүлүк боюнча:***

*Угуп түшүнөт*

- сүйлөм топтомдорунун, текстти туура угуп маанисин түшүнөт;

- текстти угууда абзацты, анын текст түзүүдөгу маанисин түшүнөт;

-- абзацтын ролун түшүнүү менен китеп окуу маданиятына ээ болот;

-- текстке карата жөнөкөй жана татаал план түзө алат;

-- көркөм, окуу-илимий жана илимий-популярдуу тексттердеги маалыматтарды түшүнөт

*Окуп түшүнөт*

-- адабий көркөм, окуу –илимий тексттерди түшүнүп окуйт;

-- окуган текстинин мазмуну боюнча суроолорго жооп берет;

-- тексттеги сүйлөмдөрдүн ички маанилик байланышуу жолдорун билет;

-- текст түзүүдө аларды эске алат;

-- тексттеги сүйлөмдөрдү байланыштыруучу тышкы тил каражаттарын аныктайт;

-- баяндоо, сүрөттөө, ой жүгүртүү түрүндөгү тексттерди талдай алат;

-- көркөм стилдеги тексттен пейзажды, табиятты, жасалгаларды (интерьер) сүрөттөөнү көрө билет;

-- кептин стилдерин (оозеки-сүйлөшүү жана китеп стилдери) ажыратып билет;

-- кептин стилдеринин тил каражаттарын, колдонулуш чөйрөлөрүн, милдеттерин түшүнөт.

*Сүйлөшөт*

-- өзүнүн оозеки кебине байкоо жүргүзүү менен маданияттуу кепке ээ болууга умтулат;

-- талкуу жараткан кызыктуу темаларда үлгүлүү диалог кура билет;

-- классташтары, достору, тааныштары менен сылык-сыпаа сүйлөшүүгө көнүгөт;

-- кептин түрлөрүн жана стилдерин катыштырып, кырдаалдык – тематикалык текст түзө алат;

-- кеп маданиятынын, чечендик кептин ыкмаларын үйрөнөт

*Жазат*

--дилбаян жазууга материал жыйноого (темага, кептин стилине ылайык), эпиграф тандоого, план түзүүгө көнүгөт;

-- кептин түрлөрү жана стилдери боюнча өз алдынча текст жарата алат;

-- текстти кыска жана кеңири баяндап жазууга көнүгөт;

-- дилбаян, дилбаян –эссе, эссе жаза билет;

-- ар кыл жанрлардагы тексттерди даярдай алат;

-- арыз, кулактандыруу, чакыруу билети, справкалардын үлгүлөрүн жаза алат;

-- ишеним кат, түшүнүк кат, дарек, телеграммалардын тексттерин жаза алат.

***Тилдик компетенттүүлүк боюнча*:**

*Окуучу:*

*Сөз, анын манилери – тилде жана кепте*

-- сөз жана анын маанилеринин кептеги жана тилдеги функцияларын таанып билет;

-- эне тилинин сөздүк байлыгынын ар түрдүү катмарларын үйрөнөт;

-- кесиптик сөздөрдү, терминдерди, неологизмдерди кебинде орундуу колдонот;

-- фразеологизмдердин пайда болуу булактарын жана тексттеги стилдик кызматтарын айырмалайт.

*Сөздөрдүн жасалышы*

-- сөз жасоонун түрлөрүн айырмалап тааныйт;

--татаал сөздөрдүн түрлөрүн (кош сөздөр, кошмок сөздөр, бириккен сөздөр, кыскартылган сөздөр) өздөштүрөт.

*Зат атооч – тилде жана кепте*

-- кыргыз орфографиясынын негизги эрежелерин так, туура сактайт;

-- сөздөрдүн грамматикалык маанилерин, зат атоочтун кептеги жана тилдеги ордун билет;

-- зат атоочтун тексттеги коммуникативдик кызматын тааныйт;

-- зат атоочтун кептин ар кыл түрүндөгү жана стилдериндеги функциясын түшүнөт.

*Сын атооч – тилде жана кепте*

-- сын атоочтун даражаларын жана түрлөрүн айырмалап билет;

-- сын атоочтун тексттеги кызматын, кептин түрлөрүндө жана стилдериндеги колдонулуш өзгөчөлүгүн тааныйт.

*Сан атооч – тилде жана кепте*

-- сан атоочтун бөлүнүшүн, жасалышын, жазылышын, жөндөлүшүн жана кептеги, тилдеги кызматын өздөштүрөт;

-- кептин түрлөрүндө жана стилдериндеги сан атоочтун тексттик функциясын аныктайт;

-- илимий-популярдуу, окуу-илимий тексттери менен иштей алат.

*Ат атооч – тилде жана кепте*

-- ат атоочтун түрлөрүн, жакталышын, жазылышын жана тексттеги, кептеги, тилдеги кызматтарын айырмалап билет;

-- кептин түрлөрүндө жана стилдеринде ат атоочту орундуу колдоно алат.

*Этиш – тилде жана кепте*

-- этиштин ыңгайларын жана мамилелерин, алардын тексттеги, оозеки, жазуу кептеги ордун өздөштүрөт;

-- аларды кебинде орундуу колдонууга машыгат;

-- сөздүн грамматикалык маанилери боюнча көнүгүү, машыгуу иштерин аткарат;

-- кеп маданияты, чечендик кепке үйрөнүүгө карата практикалык иштерге машыгат

*Сөз айкашы жана сүйлүм боюнча:*

-сөз айткашынын түзүлүшүн билет;

-сөз айкашы менен сүйлөмдүн айырмасын билет;

-сүйлөмдүн кептеги маанисин, анын белгилерин ажыратып билет;

-сүйлөмдүн төрт түрүн: жай, суроолуу, илептүү жана буйрук түрлөрүн жана алардын табиятын билет;

***Этномаданий компетенттүүлүк боюнча*:**

- эне тили менен улуттук маданияттын өз ара байланышын түшүнөт жана тексттен архаизм, историзм, диалектизмдерди, фольклордук лексиканы табат;

-- кыргыз элинин салттуу турмуштук көрүнүштөрүн, предметтерин белгилеген сөздөрдүн маанисин түшүнөт;

-- сөздүк менен иштейт: улуттук маданий компоненттеги сөздөрдүн маанисин сөздүктүн жардамы менен түшүндүрөт;

-- кеп маданиятынын, чечендик кептин ыкмаларын өздөштүрөт

## III. КЫРГЫЗ ТИЛИ ПРЕДМЕТИН ОКУТУУНУН ПРИНЦИПТЕРИ, МЕТОДДОРУ ЖАНА ФОРМАЛАРЫ

### Кыргыз тили предметтерин окутууда жетекчиликке алынуучу дидактикалык принциптер:

– **Илимийлүүлүк принциби,** бул принципке ылайык кыргыз тили предметтерин окутууда теориялык маалыматтардын, эрежелердин, талдоолордун ж.б. мазмунунун илимий жактан такталгандыгы, тууралыгы, негиздүүлүгүнүн болушу эске алынды;

– **Проблемалуулук,** бул аркылуу аталган предметтерди өздөштүрүүдө окуу материалдарын баяндоонун проблемалуулугу, алдыга проблема коюп аны чечүү жолдорун көрсөтүү, окуучунун чыгармачыл ишмердүүлүк аракеттерин уюштуруу технологиялары көңүлгө алынды;

– **Көрсөтмөлүүлүк,** бул аркылуу кыргыз тилинен баланын эсте тутуусун түшүнүктөрдү предметтүү баяндоо аркылуу бекемдөө керектиги жетекчиликке алынмакчы;

– **Аң-сезимдүүлүк принциби** менен тилдик түшүнүктөрдү жаттатуу менен эмес, окууучунун аң-сезимдүү кабылдоо аркылуу өздөштүрүүсүнө багыт берүү иштерине багыт берилет;

– **Активдүүлүк принциби** аркылуу сабактагы таанып-билүү иш-аракеттерин ыкчамдатуу, активдештирүүчү методдор аркылуу окуучунун өздөштүрүүсүн ыкчам жана натыйжалуулугуна жетүү максаты коюлат;

**– Жеткиликтүүлүк** принциби сабактын мазмунунун баланын курагына, кабыл алуу өзгөчөлүктөрүнө жараша берилиши, ошого ылайык методдордун тандалышына алып барат;

**– Системалуулук принциби** кыргыз тилинен окуу материалдарынын мазмунунун уланмалуулукта, ырааттуулукта берилишинде жетекчиликке алынмакчы;

**- Турмуш менен байланыштуулук принциби** тилдик мисалдардан турмуштук далилдерди келтирүү менен салыштыруу, ынандыруу иштери жүрөт;

– **Оптималдуулук принциби** сабактарда зарыл учурда туура методдордун тандалышы, аз убакытта жетишерлик өлчөмдө билим берүү жолдорун табууга жол көрсөтөт.

## Кыргыз тилин окутууда жетекчиликке алынуучу методикалык принциптер:

**-кеп өстүрүүчүлүк принцип** аркылуу кыргыз тили сабактарында бардык окуу маитериалдары окуучулардын кебин өстүрүүгө, сөздүк корун байытууга жана сүйлөө маданиятына машыктырууга багытталат.

**-этномаданий принцип** –айрыкча маанилүү, анткени бул принципке таянуу менен, кыргыз тилин окутууда кыргыз элинин улуттук маданий сөз корун үйрөнүшөт, сөз маанилерин үйрөнүшөт, окуу материалдарын тандоодо улуттук руханий баалуулуктарды чагылдырган тексттер, анын ичинен, ырлар, аңгемелер, жомоктор ж.б. материалдар тандалат;

**-табихыйлуулук принцип-** бул окуучунун курактык өзгөчөлүктөрүнө жараша сүйлөө, жазуу иштерин уюштуруу, кабыл алуусу, түшүнүүсү, өздөштүрүү мүмкүнчүлүктөрү эске алынат.

**-кеп ишмердүүлүктөрүн байланышта жүргүзүү принциби** – окуучулардын угуу, окуу, сүйлөө (монологдук, диалогдук) жана жазуу

түрлөрү максаттуу байланышта жүргүзүлгөндө гана окуучунун билими натыйжалуу калыптанат.

## Кыргыз тили сабактарынын типтери жана аны уюштуруу жолдору

**1. Аралаш (бириктирилген) сабактагы иш-аракеттер:**

- сабактын тиби;
- сабактын формасы;
- сабакты өтүү методу
- жабдылышы, керектелүүчү каражаттар

**Сабактын дидактикалык максаттары жана ага жетүүдөгү көрсөткүчтөр**:

а) максаттар;

б) мугалимдин көрсөткүчтөрү;

в) окуучунун көрсөткүчтөрү

**Жаңы сабактын негизги идеясы, кыскача мазмуну (тезистик формада) боюнча бышыктоо:**

а) маалыматтык бышыктоо үчүн суроолор

б) үйрөнгөнүн колдонуп бышыктоо үчүн тап-шырмалар

в) проблема чечүү багытындагы иштер

г) чыгармачыл бышыктоо үчүн иштер

**Күтүлүүчү натыйжалар, окуучулар ээ болуучу компетенттүүлүктөр:**

а) тилдик;

б) кептик;

в) лингвоэтномаданий

**Окуучулардын билимин баалоо формасы:**

а) прогноздоочу;

б) формативдүү;

в) суммативдүү.

**Үйгө тапшырмалар:**

а) колдонуу багытындагы тапшырма;

б) проблема чечүүчү тапшырма;

в) чыгармачыл тапшырма.

**1) Бышыктоо сабагындагы иш-аракеттер:**

- сабактын тиби;
- сабактын формасы:
- сабакты өтүү методу;
- жабдылышы, керектелүүчү каражаттар

**Бышыктоонун максаттары жана ага жетүүдөгү көрсөткүчтөр:**

а) проблема чечүү багытындагы суроолор жана тапшырмалар;
б) чыгармачыл бышыктоо үчүн тапшырмалар;
- окуучулардын билимин баалоо;
**Үйгө тапшырма:**
а) чечүүчү проблемалуу суроолор жана тапшыр-малар;
б) чыгармачыл тапшырмалар
**3) Жаңы билим берүү сабагындагы иш-аракеттер:**
- сабактын тиби;
- сабактын формасы;
- сабакты өтүү методу;
- жабдылышы, керектелүүчү каражаттар;
- жаңы бере турган негизги түшүнүктөр;
-эрежелер, грамматикалык формалар, мыйзамдар;
- негизги түшүнүктөр жана аларды моделдөө;
**Сабактагы жаңылык:**
а) жаңылыкты мугалимдин ачып берүүсү;
б) жаңылыкты окуучунун ачуусу.
**Ишмердиктер:**
а) мугалим менен бирге иштөөдөгү ишмердик:
б) окуучунун өз алдынча ишмердиги;
**Күтүлүүчү натыйжалар, окуучулар ээ болуучу компетенттүүлүктөр:**
а) тилдик;
б) коммуникативдик;
в) этномаданий;
- окуучунун ишмердигин баалоо:
**Үйгө тапшырма:**
а) маалыматтык тапшырмалар;
б) проблема чечүү багытындагы тапшырмалар;
в) чыгармачыл бышыктоо үчүн тапшырмалар.
**4) Кайталоо, текшерүү сабагынын планы;**
- сабактын тиби;
- сабактын формасы;
- сабакты өтүү методу;
- жабдылышы, керектелүүчү каражаттар;
- кайталоо, текшерүү сабагынын максаттары жана ага жетүүдөгү көрсөткүчтөр;
**Сабактын максаттары:**
а) билим берүүчүлүк максаты;
б) өнүктүрүүчүлүк максат;

в) тарбиялоочулук максат;

**Максатка жетүүдөгү көрсөткүчтөр:**

а) мугалимдин көрсөткүчтөрү;

б) окуучунун көрсөткүчтөрү;

**Алган жаңы билимди кайталоонун жана текшерүүнүн багыттары:**

а) кайталоо үчүн суроолор;

б) маалыматтарды эске салып кайталоо үчүн суроолор;

в) эске салгандарды практикада колдонуп кайталоо жана текшерүү үчүн суроолор жана тапшырмалар;

г) эске салып проблема чечүүсүн текшерүү багытындагы суроолор жана тапшырмалар:

д) эске салып чыгармачыл кайталоо үчүн тапшырмалар

- тест менен кайталоо;
- окуучулардын билимин баалоо;

**Үйгө тапшырма:**

а) проблемалуу суроолор жана тапшырмалар

б) чыгармачыл тапшырмалар.

**5) Көнүгүү, машыгуу сабагы:**

- сабактын тиби;
- сабактын формасы;
- сабакты өтүү методу;
- жабдылышы, керектелүүчү каражаттар;
- көнүгүү, машыгуу сабагынын максаттары жана ага жетүүдөгү көрсөткүчтөр:

**Дидактикалык максаттар:**

- билим берүүчүлүк;
- өнүктүрүүчүлүк;
- тарбиялоочулук.

М**аксатка жетүүдөгү көрсөткүчтөр:**

а) максатка жетүүдөгү мугалимдин көрсөткүчтөрү;

б) окуучунун көрсөткүчтөрү.

**Сабактагы ишмердиктин багыттары:**

а) мугалим менен бирге иштөөдөгү ишмердик;

б) окуучунун өз алдынча ишмердиги;

К**өнүгүү-тапшырмалардын мүнөзү:**

а) эске салгандарды практикада колдонуп машыгуу жана көнүгүү үчүн суроолор жана тапшырмалар;

б) проблема чечип машыгуу үчүн суроолор жана тапшырмалар;

в) чыгармачыл машыгуу жана көнүгүү үчүн тапшырмалар

**Күтүлүүчү натыйжалар, окуучулар ээ болуучу компетенттүүлүктөр**:

а) тилдик компетенттүүлүк;

б) коммуникативдик компетенттүүлүк;

в) этномаданий компетенттүүлүк;

- окуучулардын билимин баалоо:

**Үйгө тапшырмалар:**

а) проблемалуу тапшырмалар;

б) чыгармачыл тапшырмалар.

## IV. БААЛОО

### Кыргыз тилинен окуучулардын оозеки жоопторун баалоонун жалпы нормалары. Баалоонун критерийлери.

Окуучу менен мугалимдин ортосундагы байланыштын эң көп колдонулган формаларынын бири – мугалимдин суроо-тапшырмаларына окуучунун оозеки жооп бериши. Жооптун тууралыгы белгилүү өлчөмдө суроо-тапшырмалардын түшүнүктүү, так берилишине байланыштуу да болот жана убакыт үнөмдөлөт.

Оозеки жоопторду баалоодо төмөнкүлөрдү эске алуу керек: окуучунун аныктаманын маңызын, тексттин кебин түшүнүүсү, алардын негизги маанисин, мазмунун айтып бериши, айтылуучу ойго карата сөздөрдү тандап, билип, ыктуу колдонушу. Сүйлөм курулуштарынын тактыгы, анын айтылыш интонацияларынын тууралыгы, берген жоопторунда өз оюнун болушу, анын далилдүүлүгү; сүйлөө кебинин лексикалык байлыгы, ой жагынан ырааттуулугу.

Оозеки жооптордо беш «Эң жакшы» деген баа төмөнкү учурларда коюлууга тийиш: мугалимдин суроо-тапшырмаларына толук, канааттандырарлык жооп берсе; окуу китебин, мугалимдин түшүндүрүүсүн түздөн-түз ээрчибей, өз оюн кошумчалап, кебин адабий тилдин нормасында системалуу түрдө айтып берсе, айткан теориялык түшүнүктөрүн мисалдар менен айкаштырып далилдей алса;

«Жакшы» деген баа жогорудагы тапшырмаларды аткарууда анча-мынча так эместиктер кетирилсе, ал кетирилген так эместиктерди оңдоо, ойго толуктоо иретинде берилген кошумча суроолорго толук, ойдогудай болбой, бирок жалпысынан негизги түшүнүгү бар экени билинип турса коюлат.

Мугалимдин суроосуна окуучу анча-мынча жооп берип, толук эмес түшүнүгүн көрсөтүп, теориялык маселелерди мисал менен далилдей албаса, кебинде өз оюн системалуу баяндай албай, сүйлөө кебинде эки-үч ката кетирсе «Канааттандыралык» деген баа коюлат.

«Канааттандырарлык эмес» деген баа окуучу материалды билбей, аныктамаларды туура айтып бере албай, маанисин бузуп, келтирген мисалы да дал келбей айтылган учурда коюлат.

Ал эми мугалимдин суроосу таптакыр жоопсуз калып, аны чечмелөөгө түшүнүгү жок болуп, аракети көрүнбөсө «1» деген баа коюлат.

**Окуучулардын жазуу иштерин баалоо**

Мугалим окуучулардын жазуу иштерин баалоодо төмөнкүлөрдү эске алат: айтылган сөздөрдү туура кабылдап, теориясы менен айкалыштырып, орфографиялык эрежелерге ылайык туура жаза билүүсү окуучунун ар түрдүү дилбаян, баяндама жумуштарына өзүнүн түшүнүгү ой жүгүртүүсүн системалуу түрдө жаза билүү деңгээли; жазууда орфографиялык, пунктуациялы жана стилистикалык эрежелердин сакталышы; окулган текст боюнча план түзүп, реферат, доклад жаза билүүсү, иш кагаздарын өз эрежеси, талаптары боюнча жазуусу ж.б.

**Жат жазууларга коюлуучу бирдиктүү талаптар жана баалардын нормалары:**

Жат жазуу – окуучулардын орфографиялык, пунктуациялык сабаттуулугун текшерүүнүн эң негизги формаларынын бири.

Ал үчүн өтүлгөн темаларга карата текст туура тандалып, окуучулар үчүн түшүнүктүү болушу керек. жат жазуунун текстинде учураган айрым түшүнүксүз, өтүлө элек эрежелерге ылайык жазылуучу сөздөрдү мугалим доскага жазып бериши керек. бирок мындай сөздөр жалпы тексттин көлөмүнүн бештен бир бөлүгүнөн ашпоого тийиш.

Ар бир жат жазууда белгилүү максат болот. Ал өтүлгөн материалдын кандайча өздөштүрүлүп жаткандыгынан кабар берип, теориялык билимди иш жүзүндө колдоно билүүгө үйрөтүүсү керек.

**Текшерүү жат жазуусунун текстинин көлөмү:**

5-класска 90-100, 6-класска 100-110 сөз сунуш кылынат.

Жат жазуунун каталары төмөндөгүдөй учурларда эсептелинбейт:

- өтүлө элек эрежелерден кетирилген каталар;

- сөздүн жазылышын билип туруп, тамгаларды байкабай (механикалык түрдө) алмаштырып же айрым тыбыштар түшүп калган учурда (мисалы: «кызмат» дегендин ордуна «кызма» деп, «түшүм» дегендин ордуна «түшм» болуп жазылса)

- орфографиялык эрежелерди такталбай эки түрдүү жазылып келе жаткан сөздөр (мисалы: «дубана» - «думана», «насыят» - «насаат»)

- жазма тамгалардын басма түрүндө жазылып калган учурлары. Бир сөз же сөздүн бир мүчөсү түшүрүлүп жазылып, же алмаштырылып калып, ошол сүйлөм ой жагынан, стилдик байланышы жагынан бузулбаса (мисалы: айылдык кишилер – айыл кишилери, атчан кишилер – атчандар – атчан адамдар ж.б.)

Баа коюуда мугалим катанын одоно же одоно эместигине карата мамиле кылат. Одоно эмес ката окуучунун сабатын текшерүүдө чечүүчү мааниге ээ болбойт. Ошондуктан андай каталардын эки-үчөөнү бир ката катары эске алуу керек. Одоно эмес каталарга төмөнкүлөрдү кошууга болот:

- сөздөрдү ташымалдоодо сөз туура ташымалданып, ташымал белгисинин коюлбай, же белгинин эки жакка тең коюлушу;
- интонацияга байланыштуу тыныш белгинин алмаштырылып коюлушу (мисалы сүйлөмдүн баш жагында сырдык сөздөн кийин үтүрдүн ордуна илеп белгисинин коюлуп калышы ж.б.);
- окуучу жазылышын билип туруп, бир сөздү бирде туура, бирде ката жазса;
- бир эле сөздөн ар кайсы жерде бирдей ката кетирсе, бир эле ката деп эсептелинет;

Жазуу жумушунун тазалык деңгээлине; оңдоолордун көп, аздыгына карата мугалимге бир бааны төмөндөтүп коюуга мүмкүндүк берилет. Айрыкча, булганыч жазылган жана үчтөн ашык оңдоосу бар иштерге «5» деген бааны ыйгаруууга болбойт.

Мугалим өзгөчө көңүл бура турган орфограмма жана пиктограммалар текстте төмөндөгүдөй сандардын айланасында болууга тийиш:

5-класста 10-12 ар түрдүү орфограмма, 2-3 пунктограмма, 6-класста 14-16 ар түрдүү орфограмма, 4-5 пунктограмма,

Жат жазуутекстинде атайын өтүлгөн эрежелерге ылайык 5-класста 4-5, 6-7-класста 5-7 татаал сүйлөмдөр болушу керек.

Жат жазууларда орфографиялык, пунктуациялык каталар, жазуунун техникалык эрежелери, иштин тазалыгы эске алынып бир гана баа коюлат. Эгерде, айрым учурларда, жат жазууга кошумча комплекстик иштер тапшырма катары кошо берилсе, экөөнө эки башка баа коюу талап кылынат.

**Жат жазууга баа коюуда мугалим төмөнкүдөй нормаларды жетекчиликке алат:**

«Эң жакшы» деген баа катасыз жазылган, бир орфографиялык же бир пунктуациялык катадан ашпаган, үчтөн ашык оңдоолор болбогон иштерге коюлат.

«Жакшы» деген баа каталардын жалпы саны төрттөн ашпаган (эки орфографиялык, эки пунктуациялык же төрт орфографиялык, төрт пунктуациялык) жат жазууларга коюлат.

«Канааттандырарлык» деген баа төрт орфографиялык, төрт пунктуациялык же үч орфографиялык, беш пунктуациялык катасы жок туруп жети ката жиберилген иштерге коюлат.

«Канааттандырарлык эмес» деген баа «Канааттандырарлык» деген коюлуучу иштин чегинен ашкан, жети орфографиялык, жети пунктуациялык; же алты орфографиялык, сегиз пунктуациялык же сегиз орфографиялык, алты пунктуациялык ката кетирген иштерге коюлат.

Сөздүк жат жазууларында: 5-класс үчүн 10-20, 6-класс үчүн 15-25 сөздөн турган текст алуу жагы белгиленет.

Сөздүк жат жазууларда: «эң жакшы» деген баа катасы жок, «жакщы» деген баа бир эки катасы бар, «канааттандырарлык» деген баа үч-төрт ката кетирген, «канааттандырарлык эмес» деген баа төрт-беш катасы бар иштерге коюлат.

## 4.Кыргыз тилден окуучулардын баяндамасын баалоо

Жазуу түрүндөгү кеңири баяндамага сөздүн белгилүү өлчөмдөгү саны сакталган байланыштуу тексттен үзүндү алынат. Текст 5-класс үчүн 100-150, 6-класс үчүн 150-200 сөздүн айланасында берилет.

Баяндаманы баалоодо мугалим төмөнкүлөрдү эске алууга тийиш: баяндаманын аткарылыш максатына, анын түрлөрүнө (кыска, кеңири, тандалмалуу, кошумча, тапшырма берилүү менен жазылуучу ж.б.) карата окуучунун ишти аткаруусу; окуучуну тексттин мазмунун түшүнүп кабылдоосу; ошого байланыштуу тексттеги окуянын баяндалыш системасы; окуучунун план түзө билиши, ага жооп бериши; окуучунун индивидуалдуу кеби менен тексттин кебинин ортосундагы байланышы жана андагы чыгармачылыгынын көрүнүшү: иштин грамматикалык жана стилистикалык жактан аткарылыш деңгээли, ой-туюмунун жыйынтыктуулугу.

### Дилбаянды жана баяндаманы текшерүүдө окуучунун бул көндүмдөрү текшерилет:

1) теманы ача билүүсү;

2) тексттин милдетине, темасына, стилге ылайык тилдик каражаттарды колдоно билүү;

3) туура жазуунун эрежелерин жана тилдик нормаларды сактоо.

**Баяндамада эки баа коюлат.** Баяндама тил сабагында болсо, эки баасы тең кыргыз тилге коюлат. Ал эми адабият сабагында жаздырылса, биринчи баа адабиятка тиешелүү болуп, экинчи баада орфографиялык жана пунктуациялык сабаттуулук эске алынып, кыргыз тилине таандык болот. Биринчи бааны коюуда төмөнкүдөй бирдиктүү талап жетекчиликке алынат:

Биринчи баа иштин мазмунунда темага жооп берүүсүнө, сөз байлыгына, сөз каражаттарын ыгы менен колдонуусуна, башкы ойду ача билүүсүнө, талапка карата текстти кеңири же кыскача баяндай алуусуна, чыгармачылык мүнөздөгү кошумча тапшырмаларды аткарыш деңгээлине коюлат. Баяндама экинчи бааны окуучунун орфографиялык жана пунктуациялык сабатын эске алуу менен, жат жазуунун нормалары боюнча балоо зарыл.